Шамурзаева А.М., Гайыпова Б.А.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БАЛДАРДЫН СҮЙЛӨӨ КЕБИН ӨСТҮРҮҮ

Шамурзаева А.М., Гайыпова Б.А.

# РАЗВИТИЕ РЕЧИ ДЕТЕЙ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

Shamurzaeva A., Gaiypova B.

# DEVELOPMENT LANGUAGE DETAILS IN PRIMARY CLASSES

УДК: 811.512.154:81'36

Макалада бүгүнкү күндө балдардын кебинин өнүгүү деңгээлинин төмөндөшү, анын себептери жана башталгыч класстарда бул көйгөйдү чечүү жолдору каралат. Башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүү, сүйлөө кебин калыптандыруудагы маанилүү маселелер талданып, анализ жүргүзүлүп, эффективдүү ыкмалар сунушталды. Окуучулардын кебинин өнүгүүсүндөгү негизги багыттар, текстти айтып берүүнүн түрлөрү, грамматикалык көнүгүүлөр, оюндар, сүрөттөр менен иштөө, балдардын өз оюн эркин билдирүүсү көрсөтүлүп, бул ыкмаларды колдонуунун маанилүүлүгүн белгиленди. Башталгыч мектеп окуучуларынын кебин өнүктүрүүдөгү баалоо критерийлери берилди.

Мындан тышкары, макалада кептин мазмундуулугу, логикалуулугу, тактыгы, түшүнүктүүлүгү, экспрессивдүүлүгү жана тууралыгы сыяктуу критерийлерге басым жасалат. Башталгыч класс окуучуларынын кебин өстүрүү эне тилин окутуунун негизги милдети экендигин жана бул багыттагы иш-аракеттер тынымсыз жана ырааттуу болгон шартта гана өз натыйжасын бере тургандыгын белгиленет.

Ачкыч сөздөр: башталгыч класс, эне тили, кеп өстүрүү, усулдар, сөз байлыгы, ой жүгүртүү, баарлашуу, сөз, текст.

В данной статье рассматривается проблема снижения уровня развития речи у детей в современном обществе, анализируются причины этого явления и предлагаются пути решения данной проблемы в начальных классах. Подробно изучены и проанализированы важные вопросы развития словарного запаса и формирования разговорной речи у учащихся начальных классов, а также предложены эффективные методы. Освещены основные направления развития речи учащихся, виды пересказа текста, грамматические упражнения, игры, работа с картинками, свободное выражение детьми своего мнения, а также подчеркивается важность использования этих методов. Представлены критерии оценки развития речи учащихся начальной школы.

Кроме того, в статье особое внимание уделяется таким критериям, как содержательность, логичность, точность, понятность, выразительность и правильность речи. Отмечается, что развитие речи учащихся начальных классов является основной задачей обучения родному языку, и подчеркивается, что действия в этом направлении будут результативными только при условии их непрерывности и последовательности.

Ключевые слова: начальная школа, родной язык, развитие речи, методы, словарный запас, мышление, общение, речь, текст.

This article addresses the problem of declining speech development in children in modern society, analyzes the reasons for this phenomenon, and suggests solutions to this problem in elementary school. The important issues of vocabulary development and the formation of spoken language in elementary school students are studied and analyzed in detail, and effective methods are proposed. The main directions of speech development of students, types of text retelling, grammatical exercises, games, working with pictures, free expression of children's opinions are highlighted, and the importance of using these methods is emphasized. Criteria for evaluating the speech development of elementary school students are presented.

In addition, the article focuses on such criteria as meaningfulness, logic, accuracy, clarity, expressiveness, and correctness of speech. It is noted that the development of speech in elementary school students is the main task of teaching the native language, and it is emphasized that actions in this direction will be effective only if they are continuous and consistent.

Key words: primary school, native language, speech development, methods, vocabulary, thinking, communication, speech, text.

Бүгүнкү күндө балдардын кебинин өнүгүү деңгээлинин төмөндөшү байкалууда. Бул көйгөйгө көптөгөн факторлор, анын ичинде заманбап технологиялардын өнүгүшү, китеп окуунун азайышы жана

ата-энелердин балдар менен жетиштүү деңгээлде баарлашпашы себеп болууда. Мектепте башталгыч класстын мугалимдеринде айрыкча кыргыз тили сабагында окуучулардын кебин өстүрүү милдети коюлат. Орус окумуштуу-методисттери В.В.Голубков, М.А.Рыбникова, С.А.Смирнов, В.А.Никольский, Н.Е.Кутейникова, Ю.А.Озеров, Л.С.Выготский, М.Р.Львов кыргыз окумуштуулары С.К. Рысбаев, С.Ж. Мусаев, А. Муратов, Ж.Чыманов, С.Сакиева, Э. Бердибаев, Б.С.Чокошева, Б.Үкүева, В.Мусаева, А.Р. Акунова, Д.Сыдыкова жана башкалар бул багытта көптөгөн методикалык багыттарды сунуштап, принциптерин көрсөтүп келишкен. Баланын кеп маданиятын өстүрүүгө багытталган иш-аракеттер тынымсыз жана ырааттуу болгон шартта өз натыйжасын бере тургандыктарын белгилешкен.

Башталгыч мектеп жашында балдардын сөз байлыгы көбөйүп, грамматикалык түзүлүшү жана тилдин морфологиялык системасы өркүндөп, өздөштүрүлөт. Өнүгүп жаткан кеп башка таанып-билүү процесстерин (кабылдоо, көңүл буруу, эс тутум, ой жүгүртүү, элестетүү) кайра түзөт. Кептин бардык тарабынын өнүгүшү баланын жашоо шарттарына жана тарбиясына түздөн-түз көз каранды.

Окумуштуу педагог С. С. Сакиева: “Бала мектепке белгилүү деңгээлде кептик машыгуусу менен келет. Сабатка үйрөтүүнүн алгачкы этабынан баштап эле ал үйрөтүлө баштайт. Тактап айтканда, эне тилин үйрөтүү аркылуу баланы окуунун жана жазуунун ыгына үйрөтүлөт”,- деп белгилейт.

Мектепке келгенге чейин баланын сөз байлыгы көбөйүп, башка адам менен ар кандай маселелер боюнча эркин баарлаша алат. Мектепте бала өнүккөн фонематикалык угууга ээ, сөздөрдөгү тыбыштарды айырмалай алат, тыбышты белги менен байланыштырып, бул тыбышты сүрөттөй алат, сөздүн маанисин түшүнөт. Башталгыч мектеп окуучусунун кеби баарлашуу каражаты гана эмес, ошондой эле таанып-билүү объектиси болуп саналат, коммуникативдик, жөнгө салуучу жана пландаштыруучу функцияларды аткарат. Башталгыч мектеп окуучуларында баарлашууга болгон муктаждыгы күчтүү, бул кептин өнүгүшүн аныктайт. Буга угуу, баарлашуу, талашуу, ой жүгүртүү жана башкалар көмөктөшөт.

Эгоцентрдик сөз, башкача айтканда, баланын өзүнө-өзү багытталган, практикалык ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу жана көзөмөлдөөчү сөзү ички планга өтүп, интериоризацияланып, ички сөзгө айланат. Бул эгоцентрдик сөз колдонулбай калат дегенди билдирбейт. Кичүү мектеп окуучулары көп учурда эмне кылып жатканын үнүн чыгарып айтышат.

Кичүү мектеп жашында сөз функциясы боюнча ички, түзүлүшү боюнча тышкы сөз катары колдонулушу мүмкүн. Бала өсүүсү менен эгоцентрдик сөз барган сайын үнсүз ички сөз менен алмаштырылат, ал үзүк-үзүк, фрагменталдуу, кырдаалдык, жыйылган мүнөзгө ээ, ой жүгүртүү, иш-аракеттерди пландаштыруу, өзү менен диалог, элестүү өнөктөш менен баарлашуу аркылуу ишке ашырылат, практикалык жана теориялык ишмердүүлүктө пландоо фазасы катары чыгат.

Башталгыч класс окуучуларынын тышкы сөзү – жазуу жана оозеки сөзү дагы интенсивдүү өнүгөт. Бул куракта кырдаалдык жана контексттик сүйлөө (сүйлөмдүн мааниси контекстке же кырдаалга жараша өзгөрүүсү) сакталып калат, бул өнүгүүнүн нормасы болуп эсептелет. Тышкы сөздүн маанилүү компоненти катары сүйлөөнүн байланыштуулугу өркүндөп, сүйлөп жаткан же жазып жаткан окуучунун сөзүнүн мазмунуна дал келүүсү жогорулайт. Тышкы сөздүн активдүү өнүгүшү туура сөз үлгүлөрүн, ар түрдүү жана тилдик материалды кабыл алуунун, ошондой эле окуучунун тилдин ар кандай каражаттарын колдоно алган өзүнүн сүйлөө билдирүүлөрүнүн аркасында ишке ашырылат. Стихиялуу өздөштүрүлгөн сөз көп учурда жөнөкөй жана туура эмес болушу мүмкүн. Ошондуктан, башталгыч мектеп окуучусунун сөзүн өнүктүрүү үчүн окутуу процесси жана анын максаттуу окуу ишмердүүлүгү эң чоң мааниге ээ.

Эне тилин үйрөтүү аркылуу бала окуунун жана жазуунун ыгына үйрөтүлөт. Булардын ичинен эң башкы роль - анын кеп-сүйлөө ишмердүүлүгүнө берилгендиктен, мектепке келген күндөн баштап, биринчиден, кеп ишмердүүлүктүн эркин факторлору кеңейет. Мында баланын сүйлөөсүндө, кебинде өзгөрүүлөр пайда болуп, ал мугалимдин окутуу процессиндеги талабына калыптана баштайт. Кептин мотивациясы өзгөрүп, анда башкы мотив баарлашууга, сабактагы айтып берүү, аңгемелешүү - бул мугалимдин талабын аткарууга, өз алдынча жооп берүүгө аракеттенет (Сакиева, 2000).

Окутуу процессинде мектепти аттагандан тартып эле балдар адабий тилдин нормаларын өздөштүрүшөт. Алар адабий тилди жөнөкөй сүйлөөдөн, диалекттерден жана жаргондордон айырмалоону үйрөнүшөт, адабий тилди анын көркөм, илимий жана сүйлөшүү варианттарында өздөштүрүшөт. Башталгыч мектеп окуучулары көптөгөн жаңы сөздөрдү, мурда белгилүү болгон сөздөрдүн жаңы маанилерин жана сөз айкалыштарын, көптөгөн жаңы грамматикалык формаларды жана конструкцияларды билишет, белгилүү бир кырдаалдарда тилдин тигил же бул каражаттарын колдонуунун ылайыктуулугун билишет; сөздөрдү, сөз айкалыштарын, грамматикалык каражаттарды,

ошондой эле орфоэпиялык жана орфографиялык нормаларды колдонуунун негизги эрежелерин үйрөнүшөт.

Башталгыч мектеп окуучулары пландуу окуу ишинин жүрүшүндө окуу жана жазуу көндүмдөрүн, жазуу кебинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандырышат, кеп маданияты өркүндөтүлөт. Кептин өнүгүшүндө төмөнкү негизги багыттар бөлүп көрсөтүлөт:

- Сөз менен иштөө (лексикалык деңгээл);
- Сөз айкалышы жана сүйлөм менен иштөө (синтаксистик деңгээл);
- Байланыштуу кеп менен иштөө (текст деңгээли);
- Сөздөрдү айтуу - дикция, орфоэпия, экспрессивдүүлүк, айтылыш кемчиликтерин оңдоо.

Бул багыттар бири-бирине багыныңкы байланышта болгону менен, параллель өнүгөт: лексика сөз айкалыштарын жана сүйлөмдөрдү түзүү үчүн материал берет; биринчиси жана экинчиси кичүү класстын окуучусунун байланыштуу кебин даярдайт. Өз кезегинде байланыштуу аңгемелер жана чыгармалар сөз байлыгын байытуучу каражат катары кызмат кылат ж.б.

Кептин өнүгүшү методикалык каражаттардын атайын арсеналынын, көнүгүүлөрдүн ар кандай түрлөрүнүн

жардамы менен ишке ашырылат, алардын эң маанилүүсү байланыштуу кептеги көнүгүүлөр (аңгемелер, текстти айтып берүү, дил баян ж.б.). Анткени булар лексикалык, синтаксистик деңгээлдерде, логикалык, композициялык көндүмдөрдү жана башка кептик билгичтиктердин бардык түрлөрүн өнүктүрөт.

Текстти айтып берүүнүн түрлөрүнүн көп түрдүүлүгү сабактардын жандуулугун күчөтөт, башталгыч мектеп окуучуларынын окуу процессине кызыгуусун жана эмоционалдык тартылуусун пайда кылат. Текстти айтып берүүнүн төмөнкүдөй түрлөрүн көрсөтүүгө болот.

- текстке жакын кайра айтуу;
- кыскартылган кайра айтуу;
- баяндоочунун жүзүн өзгөртүп кайра айтуу;
- каармандардын биринин атынан кайра айтуу;
- драмалаштырылган кайра айтуу;
- чыгармачылык толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен кайра айтуу;
- таяныч сөздөр, сүрөттөр-иллюстрациялар боюнча кайра айтуу ж.б.

Башталгыч мектепте окуучулардын кебин өстүрүү эне тилге окутуунун негизги милдети болуп саналат.

Башталгыч мектеп окуучуларынын кебин өнүктүрүүдө окуу процесси балдардын оозеки жана жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрүн баалоо критерийлери болуп саналган кептин айрым өзгөчөлүктөрүн калыптандырууга багытталган:

-Кептин мазмундуулугу: Анда айтылган ойлордун, сезимдердин жана умтулуулардын саны, алардын маанилүүлүгү жана чыныгы чындыкка дал келүүсү менен аныкталат.

-Кептин логикалуулугу: Баяндоонун ырааттуулугу, негиздүүлүгү, боштуктардын жана кайталоолордун жоктугу, темага тиешеси жок ашыкча маалыматтын жоктугу, негиздүү, мазмундуу тыянактардын болушу менен аныкталат.

-Кептин тактыгы: Сүйлөп жаткан же жазып жаткан баланын белгилүү бир фактыларды жөн эле берүү эмес, ошол максат үчүн эң ылайыктуу тилдик каражаттарды - сөздөрдү, сөз айкалыштарын, фразеологиялык бирдиктерди, сүйлөмдөрдү тандоо жөндөмү менен мүнөздөлөт.

-Тилдик каражаттардын көп түрдүүлүгү: Ар кандай синонимдердин, сүйлөмдөрдүн ар кандай структураларынын болушу.

-Кептин түшүнүктүүлүгү: Анын угуучуга жана окуучуга жеткиликтүүлүгү, адресатка багытталгандыгы, адресаттын мүмкүнчүлүктөрүн, кызыкчылыктарын жана башка сапаттарын эске алууну болжолдойт.

-Кептин экспрессивдүүлүгү: Ойдун жандуулугу, ачыктыгы, образдуулугу, ынандырарлыктыгы, мунун аркасында экспрессивдүү каражаттарды (интонациялар, сөздөрдү, фактыларды тандоо, алардын эмоционалдык боёгу, фразанын түзүлүшү ж.б.) колдонуу менен логикалык гана эмес, ошондой эле аң-сезимдин эмоционалдык, эстетикалык чөйрөсүнө таасир этүүгө болот.

-Кептин тууралыгы: Анын адабий нормага дал келүүсү, ал грамматикалык тууралыкты (морфологиялык формалардын түзүлүшү, сүйлөмдөрдүн түзүлүшү), жазуу кеби үчүн орфографиялык жана пунктуациялык тууралыкты, оозеки кеп үчүн айтылыш, орфоэпиялык тууралыкты камтыйт.

Окуучулардын кеби маңызы боюнча бири-бирине байланыштуу болуусу зарыл. Кеп сөзсүз ырааттуулукта болушу кептин маданияттуулугун камсыз кылат. Бирок мындай көндүмгө дароо эле

жетиштирүү мүмкүн эмес. Мугалим тарабынан грамматикалык көнүгүү - машыгуу жана текстке изилдөө жүргүзүү иштерин ырааттуу түрдө жүргүзгөндө гана кептин ырааттуулугуна жетише алат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын сүйлөшүү кебин өстүрүүдө төмөнкү усулдарды сунуштайбыз:

-Балдардын кызыгуусун арттыруучу оюндарды жана көнүгүүлөрдү колдонуу;

-Сүрөттөр, оюнчуктар жана башка көрсөтмө куралдар менен иштөө.

-Балдарды өз оюн эркин билдирүүгө жана баарлашууга үйрөтүү.

-Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу жана алардын жардамын колдонуу.

Азыркы мезгилде кеп өстүрүүнүн методикасы-илимий потенциалдык жаңы деңгээлде өркүндөтүлүүдө. Анын башкы булагынын каражаты катарында лингивистика кызмат кылууда. Кийинки мезгилдерде лингивистиканын кеп маданияты, тексттин теориясы боюнча багыттары бир топ илимий потенциалга жетиш калды (Башталгыч класстардын программасы 2000).

Берилген ыкмалар өз учурунда мектеп окуучуларынын таанып - билүүчүлүк, коммуникативдик компетенцияларын калыптандырып, ойлоосун, сөз байлыгын, чыгармачылыгын өнүктүрөөрү шексиз.

Эне тилин окутууда текст менен иштөө, грамматикалык материалдарды өздөштүрүү иши сөз өстүрүү иши менен тыгыз байланышта айкалыштыра жүргүзүлүшү окуучулардын кебинин жана байланыштуу кебинин өнүгүшүнө жагымдуу жагдай түзөт.

Адабияттар:

1. Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарт. Бишкек -2019. – 37 бет.
2. Выготский, Л. С. (1998) Мышление и речь: Избранные психологические исследования– Москва: Просвещение, – 352 б.
3. Рысбаев С. К. (2000) 1-класста окуучулардын сабатын ачуунун,сөзүн өстүрүүнүн жана руханий тарбия берүүнүн маселелери.-Б.,. 48 бет.
4. Сакиева С. С. (2000) Башталгыч класстарда эне тилин окутуу боюнча методикалык колдонмо. Жалал-Абад, 40 б.
5. Сакиева С. С., Ташиева.Г. (2000). Сөз өстүрүү. 2 – 3 - класстын окуучулары үчүн хрестоматия. Ош,,41 бет.
6. Сакиева С.С., Мамбетова.М. (2000) Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун методикасы. Методикалык колдонмо. Жалал-Абад, 34 б.
7. Чокошева Б. С. Башталгыч класстарда кыргыз тилин текстке байланыштуу окутуунун технологиясын моделдештирүү. Диссертация, Бишкек -2017.
8. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. Бишкек: “Кут-Бер”, 2015. – 320б.